Oş DevletÜnıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
20-21. sayı 2015

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
20-21-саны 2015

# МАЖУУСИЙ ДИНИ ЖАНА НЕГИЗДЕРИ

**Мамытов Абдимухамет**
PhD, ага окутуучусу
ОшМУнун теология факультети
m_muhammed22@hotmail.com

**Аннотация**

Учурубузда ааламдашуу тездик менен жүрүп билимдин мааниси жогорлоодо. Ошого карабастан Кыргызстанда диндер тууралуу изилдөөлөр жетиштүү деңгээлде эмес. Бул маселеге салым кошууну максат кылдык. Мына ошондуктан макалабызда Мажуусий дини жана негиздери тууралуу маалымат бердик.

**Ачкыч сөздөр:** Мажуусий дини, Зардушт, Ахура Мазда, Парсийлер, Авеста, Дуализм, От, Ангра Маиню, Синвант Көпрөсү

**Özet**

Günümüzde küreselleşme hızlanmış ve bilginin önemi artmıştır. Buna rağmen Kırgızistan'da dinler hakkında çalışmalar yeterli düzeyde değildir. Amacımız bu konuda katkı sağlamaktır. Bu nedenle makalede Mecusilik ve esasları hakkında bilgi verilmiştir.

**Anahtar Kelimeler:** Mecusilik, Zerdüşt, Ahura Mazda, Parsilik, Avesta, Dualizm, Ateş, Angra Mayuni, Sinvant Köprüsü

**Abstract**

Today, globalization has accelerated and increased the importance of knowledge. Despite studies on religion in Kyrgyzstan it is not sufficient. Our goal is to contribute in this regard. Therefore article has been about Zoroastrianism and principles.

**Key Words:** Zoroastrianism, Zoroaster, Ahura Mazda, Parsi, Avesta, Dualism, Fire, Angra Mainyu, Chinvat Bridge

## Киришүү

Мажуусий дини б.з.ч. VII кылымда Иранда пайда болгон. Бул дин ишеним негиздерине байланыштуу баалуулуктарын көбүн эсе жоготкону менен азыркы мезгилге чейин жашап келе жатат. Тагыраак айтканда азыркы Иранда жашаган габарлар менен Индия, Пакистан, Ангиля, США жана Канада сыяктуу дүйнөнүн ар кайсыл аймактарында жашаган парсийлер кээ бирки

маселелерде бири-биринен айырмаланганы менен мажуусий ишеним жана окууларына моюн сунуп келишет.[1]

Булактар мажуусий динин бир канча аталыштар менен баяндашат. Булар зороастризм, маздаизм, парсизм жана отпараст деген аталыштар. Зороастризм деп аталып калышынын себеби бул динди негидеген адамдын аты Зардушт (Грекчелешкени: Зороастр) болгон. Мааниси «сулуу төөлөрдүн ээси» дегенди туюндурат. Мындан сырткары мажуусийлердин арасында Зардушттун аталышынын «жашаган жылдыз» деген мааниге кээлери да айтылып келет. Уламышта ага бузулууга дуушар болуп жаткан бир жылдыз тийип аны асманга чыгарган, мына ошондуктан ал «жашаган жылдыз» деп аталып калган.

Ошондой эле мажуусийликте маанилүү орунду багындырган теңирдин аты Ахура мазданын негизинде бул динге «маздаизм» деп коюшат. Мажусий дининин гүлдөп өскөн чөлкөмдү парс элдери түзгөндүктөн бул дин «парсийлик» деп да аталып жүрөт. Мындан сырткары мажуусий динин тутунгандар ыйбадатканаларында отту колдонгондугунан улам «отпараст» катары дагы атыгып калышкан.[2]

Кураны керим бул дин үчүн «мажуус» сөзүн колдонот. «*Акыйкатта, ыйман келтиргендер иудейлер, сабийлер, христиандар, мажуусийлер жана Аллахка шерик кошкондордун арасын Аллах, Кыямат күнү ажыратат. Чындыгында, Аллах-бардык нерсеге Күбө.*»[3] Башкача айтканда диний жөрөлгөлөрдү башкарган кечил дин кызматкерлерине мажууш деген наам берилиши бул диндин «мажуусийлик» деп аталышна алып келген.[4]

**а. Зардушттун жашоо таржымалы**

Зардушт Ирандын чыгыш тарабында Хорасан аймагында дүйнөгө келген. Анын жашаган мезгили тууралуу ар түрдүү даталар берилген. Алсак анын б.з.ч. 6000, 2000, 1000 жана 600 жылдардын тегерегинде жашагандыгы белгиленген. Булурдын ичинен көпчүлүктүн кабылдаган көз карашы боюнча ал б.з.ч 600 жылдарда, тагыраак айтканда 630-жылы төрөлгөн. Беш бир тууганды үчүнчүсү болгон Зардушттун атасынын аты

[1] Абдуррахман Күчүк-Гүнай Түмер-М. Алпарслан Күчүк, Динлер тарихи, Анкара 2009, 139-бет; Шинаси Гүндүз, «Межусилик», Дүня динлери, Анкара 2007, 507-бет.

[2] Экрем Сарыкчыоглу, Динлер тарихи, Спарта 2004, 121-бет.

[3] Хаж сүрөсү, 17-аят.

[4] Гүндүз, 507-508- беттер.

Пойрушаспа ал эми апасынын аты Дугдоба эле. Атасы аны учурдун талабына ылайык тарбиялоого аракет жасаган. Зардушт жыйырма жаштарында үйлөнүп, Ишатястра деген уулдуу жана үч кыздуу болгон.[1]

Кийнки мезгилдерде руханий чоң өзгөрүүлөрдү башынан өткөргөн Зардушт тез-тез тоолорго, эч ким жок жерлерге барып жалгыз сыйына баштайт. Болжол менен отуз жаштарында жаз мезгилинде Даитя деген дарянын жээгинде Воху манах аттуу периште көзүнө көрүнүп, ага Улуу теңир Ахура мазданын аянын алып келгенин жана анын пайгамбар болуп милдеттендирилгенин кабарлайт.

Зардушт пайгамбарлык милдетинин алгачкы он жылында, башкача айтканда б.з.ч. 600-590 жылдарында көп деле ийгиликтерге жете алган жок. Мындан сырткары элинин каршы чыгуусунун натыйжасында мекени Бакериядан чыгышка карай көчүгө аргасыз болот.[2]

Ал өкүмдар Кави Виштаспанын өлкөсүндө баш калкалайт. Ошол эле учурда бул аймакта динин жаюу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Кыйынчылыктарга карабастан дин барган сайын гүлдөп өсө баштайт. Алгач мажуусий дининен өкүмдардын аялы Хутавса таасирленет жана ошондой эле ал жолдошу өкүмдар Виштаспанын дагы бул динге кирүүсүнө себепкер болот.

Бирок башка өлкөлөрдөн дагы адамдардын бул динге кирүүсү жана алардын Виштаспанын өлкөсүнө келүүлөрү нараазычылыктарды жаратат. Натыйжада коңушу өлкөнүн өкүмдары Аркатаспа Виштаспанын өлкүсөнө чабуул жасайт. Мына ошол мезгилде Зардушт колго түшүп б.з.ч. 553-жылда 77 жашында өлтүрүлөт.[3]

**б. Мажуусий дининин тарыхый этаптары**

Мажуусий дининин тарыхый этаптары негизинен төрткө бөлүнөт. Алгачкы доорлордо бул дин жалгыз кудайга (монотеизм) ишенүүчүлүктү туу туткан. Зардушт Ахура мазададан алган аяндарынын негизинде көп кудайларага ишенүүчүлүккө каршы чыккан. Ошондой эле бул дин универсалдуулук өзгөчөлүккө ээ болуп тездик менен жайылган.

---

[1] Икач Тарапоревала, Зердүшт дини, түркчөгө которгон Ниже Дамар, Станбул 2002, 27-33-беттер; Сарыкчыоглу, 123- бет; Күчүк-Түмер- Күчүк, 144-бет.

[2] Сарыкчыоглу, 124- бет.

[3] И. К. Павлова, «Зороастризм», Религиоведение, Санкт-Петербург 2003, 218-бет.

Өзгөчө Дарюс доорунда Иран аймагынан ташкындап Европага чейин жеткен.[1]

Ал эми экинчи этапта болсо парс бийлигинин алсырап кулашы жана Иран менен кошо мажусий дини өкүм сүргөн аймактардын көпчүлүгүнө Грек маданиятынын үстөмдүк кылуусу сыяктуу себептерден улам мурдагы жергиликтүү диндер менен кошо эллинистик ишеним жана жөрөлгөлөр бул динге өз таасирин бере баштаган. Бул жагдай мажусийликтин монотеизмге негизделген өзгөчөлүгүн алсыратып аралашма динге айлануусун шарттаган.

Үчүнчү этап Сасанилер дооруна (б.з. 226-656) туура келет. Бул доордо мажуусий дини жакшылык жана жамандык түшүнүгүн чагылдырган дуалист өзгөчөлүгү менен айырмаланган. Ошондой эле бул диндин оозеки түрдө уланып келе жаткан баалуулуктары жазма булактарга түшүрүлгөн. Өзгөчө 272-жылы империяда Картиринге башкы дин кызматчылык милдети жүктөлгөндөн кийин мажуусий дини расмий динге айланган, ал эми башка дин өкүлдөрү кугунтукталган. Бул дин Сасаний империясынын чоң күчүнүн дараматына байланыштуу Ирандан сырткары Ирак, Бахрейн, Амман, Йемен аймактарында күч алган. Жада калса Индия жана Кытайда дагы бул динге ишенген жамааттар пайда болгон.[2]

Сасаний империясынын кулап, Ирандын мусулмандардын карамагына кирген төртүнчү доордо болсо, мажуусий дини пассив абалга келген. Мусулман башкаруучулар бул диндин өкүлдөрүнө зымми катары мамиле кылышкан. «Алар менен Ахлы китеп (китептеш) сыяктуу мамиледе болгула» деп айткан Азрети Мухаммад пайгамбар (сав) өзү дагы Йемен жана Хежер мажуусийлерине ушундай мамиле кылган. Ошондой эле пайгамбар (сав) алардын аялдары менен үйлүнүбөөгө, сойгон жандыктарын жебөөгө үндөп, салык катары жизие алууга буйрук кылган. Мындай абал алгачкы төрт халифа доорунда дагы уланган.[3]

Ошондой эле бул доордо мажуусийлердин көпчүлүгү мусулман же хрыстиан динине өтүшкөн. Калгандарынын бир бөлүгү Индияга көчүп кетишкен. Ошол мезгилден баштап алар

[1] Гүндүз, 510- бет.
[2] Гүндүз, 511- бет.
[3] Гүндүз, 512- бет.

парсийлер деп аталып келишет. Ал эми Иранда калгандар габарлар деп аталып калган.[1]

**в. Ишеним негиздери**

Зардушт жалгыз кудайга ишенүүчүлүктү алып келген. Жалгыз гана Ахура маздага ыйбадат кылууга чакырган. Ахура мазда «баардык нерсени билүүчү кудай» дегенди туюндурат. Кийинки мезгилдерде Ормазд деп дагы өзгөрүп, Исламга байланыштуу булактарда Хурмуз деп аталып келген.[2]

Мажуусий align=""динде Ахура мазда негизги кудай болуп саналат. Ал аалмдагы баардык метериалдык жана руханий мыйзамдуулукту жараткан жана табияттын башкаруучусу. Ошондой эле кудреттүү, баштапкы жана акыркы чеги болбогон, баардык нерсени көрүүгө жана жаратууга кудуреттүү Жакшылыктын кудайы.[3]

Бирок Зардушттун жалгыз кудайга карата жасаган аракеттери убакыттын өтүшү менен бузулууга дуушар болгон. Ирандагы мурдатан жашап келген кудайлар өзгөчө Митра жана Анахита сыяктуу кудайлар Ахура мазда менен кошо урматтала баштаган. Ошондой эле бара-бара Ахура мазданын аялдары жана балдары бар экендиги айтылып калган.[4]

Мажусий growth=""дининде баштапкы этапта кабыл кылынбаган Зурван ишеними дагы орун алууга жетишкен. Зурван жакшылык жана жамандыктын таркатуучусу сапатын үзүндө топтогон тагдырдын ээси жана убакыттын булагы болгон кудай эле. Тагыраак айтканда жакшылыктын өкүлү Ахура мазда менен жамандыктын өкүлү Ангра маинюну Зурван жараткан. Ангра маинюну Ислам булактарында Эхриман деп аталат.[5]

Ошону менен катар жакшылыктын өкүлү Ахура мазда менен жамандыктын өкүлү Ангра маинюнун дуализм ишеними Сасани доорунда системалашкан. Бул ишенимдин өзөгүндө баштан бери эле эки негизги кудай болгон. Булардан Ахура мазда жакшылык жана кудуреттүүлүк менен мүнөздөлгөн жарык ааламда жашайт. Ангра маинюну болсо карагылык менен мүнөздөлгөн терең чуңкурда жашайт. Биринчиси баардык жакшы

[1] Мирча Элиаде, Динлер тарихи сөзлүгү, түркчөгө которгон, Али Эрбаш, Станбул 1997, 311-бет.
[2] Күчүк-Түмер- Күчүк, 143-бет; Павлова, 219-бет.
[3] Күчүк-Түмер- Күчүк, 144-бет.
[4] Гүндүз, 515- бет.
[5] Элиаде, 308-309-беттер; Гүндүз, 515-516- беттер.

жандык жана нерселерди жараткан. Экинчиси баардык жаман жандык жана нерселерди жараткан. Ошондой эле ал экөөнүн арасында башкача айтканда Аша менен Друг ортосунда карама-каршылык жана күрөш бар. Бул кармаш мажуусий growинде айтылган 12 000 жылды түзгөн төрт доордо бирде аз бирде күчтүү абалда уланат. Акырында Ангра маинюнунун жеңилүүсүнүн натыйжасында жарыктык менен караңгылыктын, жакшылык менен жамандыктын ажыралышы жана жыргалчылык жашоонун келүүсү менен жыйынтыкталат.[1]

Ошондой эле мажусийлер төртүнчү доордо адамзатты жакшылыкка чакыруу үчүн Зардуштун пайгамбар катары жөнөтүлгөндүгүнө ишенишет. Ал эми төртүнчү доордун акыркы этабында башкача айтканда акыркы заманда Зардуштун урпактарынан Саошянт аттуу куткаруучу (масых) келет.[2]

Мажуусий growинде алты баштуу периштеге ишеним бар. Булар Амеша спента (ыйык өлбөстөр) деп аталат. Ошондой эле бул периштелер Ахура мазданын түрдүү сапаттары жана функциялары катарында дагы бааланат. Элчилик милдетти Воху манах менен Сраош аттуу периштелер орундатат. Бул динде баардык жакшылыктардын аркасында периштелер, ал эми баардык жамандыктардын аркасында шайтандар турат.[3]

Мажусий growинде өлгөн адамдын руху улуу ааламга жетүү үчүн алгач жылдыздарды, айды жана күндү ашып өтүшү керек. Ошондой эле ишеним жана амалдары үчүн рух суракка алынат. Башкача айтканда амалдары таразада тартылат. Бул тараза рухтун өтө турган Синвант аттуу көпүрө менен түздөн-түз байланышта болуп, эгер жакшы амалдары оор келсе бул көпүрө кеңейип, андан өткөн рух бейишке барат.[4] Эгер күнөлөрү оор келсе көпүрө бычактын мизиндей ичкерип рух төмөн жактагы тозокко түшөт. Ангра маиню тарабынан контролдонгон тозокто рух тазалануудан кийин гана бейишке чыга алат.[5]

**г. Диний жөрөлгөлөрү**

Мажуусий growинде күндө беш жолу дуба кылуу эң маанилүү ыйбадат болуп саналат. Ар бир мажуусий күн чыгып жатканда, чак түштө, түш ооганда, күн батып жатканда жана түн кирген убакытта күнгө, жарыкка же отко карап дуба кылат.

[1] Тарапоревала, 43-50-беттер.
[2] Гүндүз, 517- бет; Күчүк-Түмер- Күчүк, 146-бет.
[3] Тарапоревала, 59-66-беттер.
[4] Сарыкчыоглу, 129- бет.
[5] Күчүк-Түмер- Күчүк, 145-бет; Сарыкчыоглу, 128- бет; Гүндүз, 518- бет.

Мындай кылаардан мурда беттерин, колдорун жана буттарын жуушат. Ошондой эле ыйык курларын чечишет. Дуба кылган учурда бул курларды кайрадан тагышат.

Мажуусий дининин карманган балдар он беш жашка чыкканда алар үчүн динге кирүү жөрөлгөсү уюштурулат. Бул жөрөлгө учурунда балдар дубалар менен диний кийимдерди кийишет жана ыйык кур тагышат. Ошондон тартып динди катуу кармангандар бул ыйык курду ар дайым тагып жүрүшөт.[1]

Мажуусий дининде жылдык диний майрамдар бар. Булардан Нооруз жана Мехреган (Михрижан) майрамдары дагы орун алган. Мажуусий динин тутунгандар диний майрамдарын дуба кылуу жана топтолуп тамактануу менен өткөрүшөт. Ошондой эле кээ бирки өсүмдүктөрдүн сууларынан алынган жана сүт менен аралаштырылган Хаома деген сусундукту ичишет. Ыйык китептерде бул сусундукту ичкен адамга өлөмсүздүк тартууланаары белгиленген.

Зардушт жандыктарды курбандык кылууга, өзгөчө Митра ишеними менен тыгыз байланышы бар өгүз курбандыгына каршы болгон. Бирок кийинки мезгилдерде мажуусийлер тарабынан курбандыктын башка түрлөрү улантылган. Зардуш курбандыктын ордуна Хаома суусундугун колдонгон жана ыйбадаттарда күбө катары от символун колдонгон.[2]

Мына ошол мезгилден бери от бул динге ишенгендер үчүн маанилүү болуп эсептелет. Алардын ыйбадатканаларында орун алып ыйбадаттарында колдонулат. Алардын ишениминде от сыйынуучу нерсе эмес. Башкача айтканда кудай эмес. От кудайдын тазалыгынын, аруулугунун жана жакшылыгынын символу. Ошондуктан бул динде отко байланыштуу тазалык милдеттерине кылдат мамиле жасоо талап кылынат. Ыйбадатканадагы отко жаман нерселер ташталбайт. Жагуу үчүн колдонулган отундардын дагы таза болушуна көңүл бурулат. Чоң ыйбадатканаларда от эч качан өчүрүлбөйт. Отту аздектеген дин кызматкерлери аны дем алып чыгарган мезгилде кирдетип койбош үчүн беттерин ак кездеме менен жабышат.[3]

Мажуусий динин тутунгандарда алгачкы доорлордо өлгөн адамдын денесин көмүүгө багытталган мисалдар бирин серин белгилүү болгону менен негизинен кийинки мезгилдерде денелер ачык жерлерге ташталып жан-жаныбарлардын жана куштардын

[1] Гүндүз, 519- бет; Күчүк-Түмер- Күчүк, 150-бет; Павлова, 221-бет.
[2] Гүндүз, 520-бет.
[3] Гүндүз, 518-519- беттер.

жеши үчүн таштоо адатка айланган. Себеби алар үчүн рух денеден айрылгандан кийин дене кирдүү болуп эсептелгендиктен аны топурак, суу жана отко жакындатпоого аракеттенүү керек. Болбосо кирдүү дене аларды дагы киртетүүгө себеп болуп калышы мүмкүн.[1]

Эски доорлордо өлгөндөрдүн денелери тоолорго жана эч ким жашабаган жерлерге коюлган болсо, акыркы мезгилдерде Дакхама деп аталган имараттарга коюлуп алардын сөөктөрү калганга чейин сакталат. Андан кийин сөөктөр топтолуп атайын чуңкурларга катылат.[2]

**д. Ыйык китептери**

Зардуш өлгөндөн кийин пайда болгон ыйык китептин аты Авеста деп аталат. Авеста «негизги текст» деген маанини туюнтурат. Бул ыйык китептин гаталар деген бөлүмү Зардушттун өзүнө таандык экендиги айтылып келет. Калган бөлүмдөрү кийинки доорлордо жазылгандыгы белгиленет.

Ахменидтер доорунда (б.з.ч. 550-331) Авеста деген ыйык китеп бар экендиги айтылганы менен Александр Македонскийдин жоокерлери менен парстар ортосундагы согуш мезгилинде жоголгондугу маалымдалат. Сасанийлер доорунда ыйык китептерди кайрадан топтоо аракеттери жасалган. Мусулмандардын келүүсү менен бул аракеттер басаңдай түшкөн бирок уланган. Учурдагы текистер көптөгөн мезгилдерде, оңдоо түзөөлөрдөн кийин жаралган.

Авестанын камтыган маанилерин түшүнүү кыйын. Мына ошондуктан алгачкы мезгилдерден тартып эле аны түшүндүрүүчү кошумча жазмалар пайда болгон. Бул жоромолдор Зенд (Илим) деп аталган.[3]

**Корутунду**

Мажуусий дини дүйнөдөгү эски диндерден бири болуп саналат. Бул дин Зардушт тарабынан курулган. Ал Ирандын чыгышында б.з.ч 630-жылы төрөлгөн. Мусулмандар Перс аймагын фатых кылган кезинде Мажуусийлердин бир бөлүгү Индияга кетишкен. Ал жерде аларга Парсийлер деп коюшат. Мажуусий дининде монотеизм жана ошондой эле дуализмге

---

[1] Гүндүз, 521- бет.

[2] Сергеи Александрович Токарев, Дүня халкларынын динлер тарихи, түркчөгө которгон Рауф Аксунгур, Станбул 2006, 389-бет; Тарапоревала, 77-86-беттер; Сарыкчыоглу, 131- бет.

[3] Токарев, 381-385-беттер; Сарыкчыоглу, 122- бет.

багытталган кудай түшүнүгү орун алган. Мажуусийлер улуу Ахура мазда кудайына ишенишет. Алардын ыйык китеби Авеста деп аталат. Алардын ыйбадаттары дуба жана символикалык жөрөлгөлөрдү өз ичине камтыйт.

Куранда бул динге байланыштуу аят бар. Мусулмандар тарыхта Мажуусийлер менен жанаша жашашкан. Ошондуктан аларда ар дайым бул динге жана мүчөлөрүнө карата кызыгуу болгон.

**Sonuç**

Mecusilik, dünyanın en eski dinlerden biridir. Zerdüşt tarafından kurulmuştur. O, İran'ın doğusunda MÖ. 630 senesinde doğmuştur. Müslümanlar tarafından Pers diyarı fethedilince Mecusilerden küçük bir gurup Hindistan'a gitmiştir. Orada onlara Parsiler denilmiştir. Mecusilik hem monoteizm ve hem de düalizmi yansıtan Tanrı anlayışı ile karşımıza çıkmaktadır. Mecusiler yüce Ahura Mazda Tanrı'sına inanmaktadırlar. Onların kutsal kitabına Avesta denilmektedir. Onların ibadetleri dua ve sembolik törenlerden ibarettir.

Kuran'da bu dinle ilgili ayet bulunmaktadır. Müslümanlar tarihte Mecusilerle yan yana yaşamışlardır. Dolaysıyla onlar her zaman bu dine ve mensuplarına ilgi duymuşlardır.

**Result**

Zoroastrianism is one of the world's oldest religions. It was founded by Zoroaster. He was born in Northeast Iran in the year 630 BC. When Muslims conquered Persia, a small number of Zoroastrians fled to India. There, they are called Parsis. The Zoroastrian concept of God incorporates both monotheism and dualism. Zoroastrians believe supreme god Ahura Mazda. The Zorastrian holy book is called the Avesta. Their worship includes prayers and symbolic ceremonies.

There are verses in the Qur'an about these religions. Muslims have lived together with Zoroastrians in history. Therefore, they always have an interest in this religion and its members.

**Колдонулган адабияттар**

ГҮНДҮЗ, Шинаси, «Межусилик», Дүня динлери, Анкара 2007.

КҮЧҮК, Абдуррахман - ТҮМЕР, Гүнай - КҮЧҮК, М. Алпарслан, Динлер тарихи, Анкара 2009.

ПАВЛОВА, И. К., «Зороастризм», Религиоведение, Санкт-Петербург 2003.

САРЫКЧЫОГЛУ, Экрем, Динлер тарихи, Спарта 2004.

ТАРАПОРЕВАЛА, Икач, Зердүшт дини, түркчөгө которгон Ниже Дамар, Станбул 2002.

ТОКАРЕВ, Сергеи Александрович, Дүня халкларынын динлер тарихи, түркчөгө которгон Рауф Аксунгур, Станбул 2006.

ЭЛИАДЕ, Мирча, Динлер тарихи сөзлүгү, түркчөгө которгон, Али Эрбаш, Станбул 1997.